**БЕКИТЕМ**
**Кыргыз Республикасынын**
**Саламаттык сактоо министрлигинин**
**алдындагы Дары каражаттары жана**
**медициналык буюмдар**
**департаментинин директорунун**
**орун басары**
**Абдиев М. К.** ____________
**«_06_»___октябрь___2022-ж.**

# ДАРЫ КАРАЖАТЫН МЕДИЦИНАДА КОЛДОНУУ БОЮНЧА НУСКАМА

## КАПСИКАМ®

**Соодадагы аталышы**
КАПСИКАМ®

**Эл аралык патенттелбеген аталышы (ЭПА)**
Жок

**Дарынын түрү**
Сырттан колдонуу үчүн мазь.
Камфора жана скипидар жыты менен ак же бир аз саргыч кошумча түсү бар ак түстөгү мазь.

**Курамы**
1 г маздын курамында:
*Активдүү заттар:* 50 мг диметилсульфоксид, 30 мг рацемиялык камфора, 30 мг живица скипидары, 20 мг бензилникотинат жана 2 мг нониvамид;
*Көмөкчү заттар:* эмульгацияланган цетостеарил спирти (А тиби), натрий цетилстеарилсульфаты, полисорбат-80, бронопол жана тазартылган суу.

**Фармадарылык тобу**
Сөөк-булчуң системасынын ооруларында колдонулуучу каражаттар. Муун жана булчуң оорулары үчүн препараттар. Муун жана булчуң оорулары үчүн сырттан колдонууга башка препараттар. Башка препараттар.
**АТХ коду**: M02AX03

**Фармакологиялык касиети**
***Фармакодинамикасы***
Мазь сезгич нерв учтарына кан тамыр кеңейтүүчү жана дүүлүктүрүүчү таасири бар заттарды камтыйт, анын натыйжасында жергиликтүү дүүлүктүрүүчү, гиперемизациялоочу жана ооруну басуучу таасир берет. Терини жергиликтүү дүүлүктүрүү ушул эле жүлүн сегменттери тарабынан иннервацияленуучу ички органдардын кан менен камсыз кылуунун жана трофикасын тандалма азайтуунун себеби

катары кызмат кылат. Жүлүндүн тиешелүү сегментин кошумча дүүлүктүрүү антиноцицептивдик системанын кошумча активдешүүсүн пайда кылат, бул баш мээ кыртышына оору импульстарын өткөрүүгө тоскоолдук кылат жана ооруга көтөрүмдүүлүктү жакшыртат.

***Фармакокинетикасы***

Мазь тез сиңет жана бир нече минутадан кийин ачышуу, теринин кызарышы, ысуу сезими билинет, булчуң чыңалуусу жана оору сезими пайда болот. Теринин дене табы 2-3 саат ичинде 1-2 °С жогорулайт. Ооруну басучу таасири 30-40 минутадан кийин башталат жана 3-6 саатка чейин созулат. Дене табынын жогорулашы жана кан айлануунун жакшырышы ревматиздик абалдарда, урунуу, булчуңдардын чоюлуусу жана башка спорттон мертинүүлөрдө жакшы таасир берет. Кайталап колдонууда таасири 10-14 күн бою сакталат.

**Колдонууга көрсөтмө**

Булчуң жана муун ооруларында ооруну басуучу жана ысытуучу каражат.
- невралгия;
- арка сөөктөрдүн бел-омуртка бөлүгүнүн остеохондрозу;
- ревматоиддик артрит;
- муун жана булчуң оорулары;
- спорттук медицинада таяныч-кыймылдаткыч аппараттын аз мертинүүлөрү-спортсмендер үчүн ысытуучу мазь

**Каршы көрсөтмө**

- Маздын курамындагыларга теринин жогорку сезгичтиги;
- жаралар, тери оорулары;
- кош бойлуулук жана бала эмизүү мезгили;
- балдар жана өспүрүм курак.

*Эгерде сизде жогоруда тизмеленген оорулардын же абалдардын кандайдыр бири аныкталса, препаратты колдонуудан мурун бул тууралуу дарыгерге кайрылыңыз.*

**Колдонуу жолу жана дозалоо**

***Чоңдорго***

*Спортчулардын булчуңдарын ысытуучу каражат катары* мазды колдонууда 2-3 г мазь аппликатордун жардамы менен сыйпалат жана укалоочу кыймыл менен териге тери жеңил кызарганга чейин сүртүлөт. Машыгуудан кийин мазды териден мелүүн суу менен жууп салуу керек.

*Ооруну жеңилдетүү үчүн* ооруксунган жерге аппликатордун жардамы менен 1-3 г мазь күнүгө 2-3 жолу оорунун күчөшүнө жараша сыйпалат жана жылуулук таасирин көбөйтүү үчүн таңгыч коюлат. Дарылоо курсуна болжол менен 50-100 г мазь сарпталат.

***Балдарда колдонуу***

Препаратты балдарга жана 18 жашка чейинки өспүрүмдөргө колдонуунун тажрыйбасы жок.

Колдонуу ыкмасы

Сырттан колдонуу үчүн мазь. Ар бир процедурадан кийин колду самындан мелүүн суу менен жууш керек.

**Жагымсыз кыйыр реакциялары**

Кыйыр таасирлери органдар системасынын топторуна жана MedDRA кездешүүсүнүн жыштыгына ылайык классификацияланган: абдан тез-тез ($\geq 1/10$); тез-тез ( $\geq 1/100$ дөн $<1/10$ чейин); көп эмес ($\geq 1/1000$ ден $<1/100$ чейин); сейрек ($\geq 1/10\ 000$ ден $<1/1000$ чейин);

абдан сейрек (<1/10 000); жыштыгы белгисиз (болгон маалыматтарга ылайык баалоого мүмкүн эмес).

*Иммундук системанын бузулушу*
Жыштыгы белгисиз: жогорку сезгичтик реакциялары.

*Тери жана тери алдындагы ткандардын жабыркашы*
Сейрек: кычышуу.
Жыштыгы белгисиз: бөрү жатыш, шишимик, абдан кызаруу.

*Нерв системасынын бузулуулары*
Жыштыгы белгисиз: теринин ачышуу сезими.

Териде маздын курамындагыларга жогору сезгичтик болсо кычышуу, шишимик же бөрү жатыш пайда болушу мүмкүн. Мындай учурларда дарылоону токтотуу жана мазды териден жууп салуу сунушталат. Саналган симптомдору мазды колдонууну токтоткондон 8-12 сааттан кийин жоголот.
Кыйыр таасирлеринен алыс болуу үчүн дарыга сезгичтикти аныктоо үчүн териге маздын бир аз өлчөмүн алдын ала сыйпоо сунушталат.
*Эгерде Сизде кандайдыр бир жагымсыз реакциялар пайда болсо, дарыгер же фармацевт менен кеңешиңиз. Бул сунуштоо какалаган жагымсыз реакцияга таркалат, анан ичинде нускамаада тизмеленген.*

**Өзгөчө көрсөтмөлөр жана колдонуудагы этияттык чаралары**
Мазды жабыркаган териге сыйпоого болбойт. Абдан дүүлүгүүдөн алыс болуу үчүн, мазды былжырлуу чел кабыкка түшүрбөш керек.
Препаратты колдонордон бир аз мурда жана колдонгондон кийин жылуулук процедураларын жүргүзүү сунушталбайт (ваннага түшүү, баняга баруу), себеби бул терининποраларын ачат, анын натыйжасында теринин ачышуу сезимин пайда кылат.
Мазь көмөкчү зат катары эмульгациялоочу цетостеарил спиртин (А тиби) жана бронополду камтыйт, алар жергиликтүү тери реакцияларын пайда кылышы мүмкүн (анын ичинде контакттуу дерматит).
*Балдар жана өспүрүмдөр*
Бул категориядагы бейтаптарга препаратты колдонуу жетиштүү маалыматтардын жоктугунан улам балдарда жана өспүрүмдөрдө колдонуу сунушталбайт.

**Кош бойлуулук жана бала эмизүү**
*Эгерде сиз кош бойлуу болсоңуз же эмчек эмизип жатсаңыз, боюңузда бар деп ойлосоңуз жана кош бойлуу болууну пландап жатсаңыз, препаратты колдонуудан мурун дарылоочу дарыгер же фармацевт менен кеңешүүңүз керек.*
Препаратты колдонуунун коопсуздугу боюнча тиешелүү маалыматтар жоктугуна байланыштуу, кош бойлуу жана бала эмизүү мезгилинде мазь колдонулбайт.
**Унаа каражаттарын башкаруу жана кыймылдуу механизмдерди тейлөө жөндөмдүүлүгүнө таасири**
Унаа каражаттарын башкаруу жана кыймылдуу механизмдерди тейлөө жөндөмдүүлүгүнө таасир этпейт.

**Ашыкча доза**
Териге маздын абдан көп өлчөмүн сыйпоодо теринин кычышуусу пайда болушу мүмкүн.
Туура эмес колдонуу
Мазды жутуу гастроинтестиналдык симптомдорду – кусуу жана ич өтүүнү пайда кылышы мүмкүн. Дарылоо белгилерине жараша.

Көп өлчөмдөгү мазды капыстан жутууда курч ууланую симптомдору пайда болушу мүмкүн: окшуу, кусуу, ичтин оорушу жана баш оору, баш айлануу, жылуулук/ысуу сезими, карышуулар, дем алуунун жабыркашы жана эстен тануу.
Уулануунун оор гастроинтестиналдык жана неврологиялык симптомдорунда бейтапты көзөмөлдөө жана белгилерине жараша дарылоо зарыл. Кустурууга болбойт.

**Башка дары каражаттары менен өз ара таасири**
Өз ара таасири изилденген эмес.

**Сактоо шарты**
25 °C дан жогору эмес аба табында сакталат. Тоңдурбаш керек.
Балдар жетпеген жерде сактоо керек.

**Жарактуулук мөөнөтү**
2 жыл.
Таңгакчасында көрсөтүлгөн жарактуулук мөөнөтү бүткөндөн кийин колдонууга болбойт.

**Дарыканадан берүү шарты**
Рецепти жок.

**Чыгаруу формасы жана таңгакчасы**
Алюминий түтүкчөдө 30 г же 50 г мазь.
1 түтүкчө колдонуу боюнча нускамасы жана аппликатору менен бирге картон кутуда.

**Өндүрүүчү**
Таллинн фармацевтикалык заводу АК
Тонди 33, 11316 Таллинн, Эстония

**Каттоо күбөлүгүнүн ээси**
«Гриндекс» АК.
Крустпилс көч., 53, Рига, LV-1057, Латвия
Телефон: +371 67083205
Факс: +371 67083505
Электрондук дарек: grindeks@grindeks.lv

*Бул дары каражатынын сапаты боюнча керектөөчүлөрдөн арыз-доолорду Кыргыз Республикасынын аймагында кабыл алынуучу уюмдун дареги:*
Кыргыз Республикасында «Гриндекс» АК өкүлчүлүгү;
Бишкеке ш., Киев көч., 195. Инд.: 720000, (тел.) +996-772-850-555:
(e-mail)grindeks.kirgizia@gmail.com